DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***

***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***HISTORICAL SCIENCES***

***Акматалиев А.Т., Темиралиева Г.Т.***

# ИСЛАМ ААЛЫМЫ ИМАМ САРАХСИ

***Акматалиев А.Т., Темиралиева Г.Т.***

# ИСЛАМСКИЙ УЧЕНЫЙ ИМАМ САРАХСИ

***A. Akmataliev, G. Temiralieva***

# ISLAMIC SCIENTIST IMAM SARAKHSI

*УДК: 94(575.2) (04)*

*Кыргызстандын түштүк аймагы тарыхта жалпы мусулман дүйнөсүнө таанымал илимдин борбору болгон. Өзгөчө XI-XII кылымдарда Өзгөн Караханиддердин ордо калаасы катары соода менен маданияттын дүркүрөп өскөн шаарына айланган. Аймактан чыккан бир топ улуу ислам аалымдарынын эмгектери да дал ушул Өзгөндө жаралган. Өзгөн шаарында 15 жыл зынданда жатып 30 томдук «ал-Мабсут» аттуу чоң көлөмдөгү эмгекти жазган Имам Сарахсий, «Фатаваи Кадыхан» аттуу 4 томдук фикс (укуктук) эмгегин жазган ислам аалымы Фахруддин Хасан бин Мансур бин Махмуд аль-Узгендий, анын чоң атасы Махмуд бин Абдилазиз аль-Узгендий (лакап аты Кадыхан аль-Узгендий, Шайхул ислам), Бурхануддин Кылыч жана башка аалымдардын уникалдуу эмгектери бүгүнкү күндөгү ислам баалуулуктарынын калыптанышына, коомчулукта диний абалдын оңолушуна өбөлгө болот. Бул макалада ханафий аалымы Имам Сарахсинин өмүр таржымалы, ишмердүүлүгү тууралуу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *ислам дүйнөсү, Өзгөн аймагы, дин, аалым, фикс (укук), факих (ислам укукчусу), мусулман, тарых.*

*Южный регион Кыргызстана исторически был центром науки, известной мусульманскому миру. Особенно в XI-XII веках Узген стал столицей Караханидов и городом торговли и культуры. В Узгене были созданы труды многих великих исламских ученых региона. Имам Сарахси, отсидевший 15 лет в тюрьме в Узгене, написал 30-томное произведение «Аль-Мабсут», Фахруддин Хасан бин Мансур бин Махмуд аль-Узгенди, исламский ученый, написавший четырехтомный фикх (закон) под названием Фатава аль-Кадихан, уникальные труды Бурхануддина Кылыча и других ученых будут способствовать формированию современных исламских ценностей и улучшению религиозной ситуации в обществе. В этой статье рассказывается о жизни и деятельности ханафитского ученого Имама Сарахси.*

***Ключевые слова:*** *исламский мир, Узгенский регион, религия, ученый, фикх (право), факих (исламский правовед), мусульманин, история.*

*The southern region of Kyrgyzstan has historically been a center of science known to the Muslim world. Especially in the 11th-12th centuries, Uzgen became the capital of the Karakhanids and a city of trade and culture. The works of many great Islamic scholars of the region were created in Uzgen. Imam Sarakhsi, who served 15 years in prison in Uzgen, wrote a 30-volume work "Al-Mabsut", Fakhruddin Hasan bin Mansur bin Mahmoud al-Uzgendi, Islamic scholar who wrote a four-volume fiqh (law) called Fatawa al-Qadihan, the unique works of Burhanuddin Kylych and other scientists will contribute to the formation of modern Islamic values and improve the religious situation in society. This article tells about the life and work of the Hanafi scholar Imam Sarakhsi.*

***Key words:*** *Islamic world, Uzgen region, religion, scholar, fiqh (law), faqih (Islamic jurist), muslim, history.*

IX-XII кылымдарда мусулман цивилизациясы өзүнүн «алтын доорун» сүрүп, бүткүл дүйнөнүн материалдык жана рухий маданият жагынан калыптануусуна олуттуу таасир эте баштаган. Көптөгөн окумуштуу филолог, тарыхчылардын пикиринде Орто Азия аймагы ислам дининин өнүккөндүгүнүн өтө чоң аймагы катары таанылат. Мында Курандан кийинки ислам дининин эң чоң маданий баалуулугу хадис илимине таянып таанылат. Карахандар доорунан тарта гүлдөгөн Өзгөн аймагында да ислам маданияты, илими, архитектурасы калыптанып мусулмандардын кайра жаралуусун пайда кылган. Карахан кагандыгынын экинчи борбору аталган Өзгөндө дал ушул жетишкендиктерге бараандуу салымын кошкон Имам Сарахси сыяктуу белгилүү ислам аалымдары чыккан. Алар тарабынан араб жана фарсы тилинде мыкты эмгектер жаралды. Ислам дининин баалуулуктары аймакка кенен таанылган. Кыргыз эли да өзгөчө орто кылымдардан аймактагы исламдашуу процессинин ичинде болуп, ислам дининин баалуулуктарын таанышкан. Совет бийлигинин тушунда бир тараптуу идеология өкүм сүрүп, дин тууралуу маселе түп-орду менен каралбай келген болсо да, кыргыз коомчулугу баары бир ислам укугун, ислам ишенимдерин карманып келишкен. Глобалдашуунун шартында коомчулуктун динге болгон кызыгуулары жогорулап, динди туура үйрөнүү, билүү маселесин пайда кылды. Ошондуктан ислам дининин баалуулуктарынын жайылуусуна жана өнүгүүсүнө зор салымын кошкон ислам аалымдары тууралуу фундаменталдуу эмгектерди жазуу тарыхчылардын, дин маселеси боюнча алектенген иликтөөчүлөрдүн алдындагы чоң иш болуп турат. Андыктан Имам Сарахсийдин «аль-Мабсут» деп аталган көлөмдүү укук китептерин жана башка китептерди толук кандуу кыргыз тилине которуу жана илимий иштерди жүргүзүү азыркы дин таануу, тарых илимдери үчүн маанилүү маселелерден болуп таанылат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Өлкө эгемендүүлүгүн алгандан кийин дин маселесине болгон бир тараптуу көз караштар өзгөрүп, диндин маани-маңызы жаңыча карала баштады. Тагыраагы ислам дининин илимге, искусствого, маданиятка кошкон таасирдүү салымы ырааттуу изилдене баштады. Дегеле ислам цивилизациясы дүйнө жүзүн өзгөрткөн улуу жетишкендиктердин жана ишенимдин интеллектуалдык мурастарын жараткандыгы тууралуу көп айтылды. Тагыраагы исламдык укуктарга болгон гумандуу мамилелер орун алып, исламдык мыйзамдар иштелип чыкты. Укук формасын жалпылап түшүнүү зарылчылыгын убагында билип исламдык укукту негиздеген аалым Абу Ханифа баштаган жана анын иштерин ийгиликтүү уланткан аалымдар тууралуу маалыматтардын пайда болушу орто кылымдарга тиешелүү исламдын алтын кенчин тапкан сыяктуу эле болду. Ал мезгилдин белгилүү аалымдарынын ар бири ушул күндөрдө жалпы мусулман калкынынын кызыгуусун пайда кылууда. Мына ушундай аалымдардын бири катары Имам Сарахсийди айтууга болот. Аалым тууралуу анын өмүрү, ишмердиги тууралуу да бир топ илимий макалалар жазылды [1, 34-35-бб.].

Имам Серахси (1009-ж., Ирандын Мешхед шаарына жакын жер - 1090-ж., Өзгөн шаары) - ислам-түрк дүйнөсүнүн көрүнүктүү окумуштууларынын жана укукчуларынын бири, акын, философ, математик. Толук аты - Абу Бакр бин Мухаммед бин Ахмад бин Аби Сахл Ас Серахси. Бул жер дегенди түшүндүрүп, үч атасынын аты жазылып турат. "Сарахси" деген аталышы туулган мекенин билдирет, тагыраагы, "сарахсийлик" деген мааниде. Сарахс шаары – Карахандар дөөлөтүнүн (Караханид мамлекетинин) Марв жана Машхад (Нишапур) шаарларынын аралыгында, азыркы күндөгү Иран чек арасын Түркмөнстандан ажыратып турган Теженд дарясынын сол жээгинде жайгашкан. Көрсөтүлгөн жыл болжолдуу берилет. Анткени Лакнавий сыяктуу изилдөөчүлөр анын 1009-жылы (мусулман жыл эсеби боюнча хижранын 400-жылы) туулгандыгын тарыхый булактардан эч кандай шилтеме бербестен билдирип келишет. Алардын таянганы 1019-жылы (хижранын 410-жылы) соода-сатык иштери боюнча Багдадга атасы менен бирге барган учурда он жашта болгондугу. Жаштайынан билим алуу үчүн ал замандагы Борбор Азиянын илим менен билимдин очогу болгон Бухара шаарына келет. Бухара Ахсыкент, Барскан, Өзгөн сыяктуу өкүмдарлар жана аймак башкаруучулары жашаган белгилүү ири шаарлардан болгон [2, 72-73] Ал жерде Абдул Азиз Ал Халваний, Шейхул Ислам Абул Хусейн Али бин Ал Хусейн бин Мухаммадис Сууди Ал Ханафи жана Абул Хафс Умар бин Мансурул Баззаз деген аалымдардан окуп, ислам дини боюнча өтө жогору илимге ээ болгон. Ошондой эле анын эң атактуу устаты, Бухарада илим алган эң чоң факихтеринин бири Умар ибн Абд-Азиз Халуани болгон. Аалымдардан алган билиминин аркасында бир нече жылдар окутуучу болуп иштеген.

Сарахсийден белгилүү аалымдар таалим алышкан. Атаганда, Бурхануддин Абдулазиз бин Умар бин Маза, Рукнуддин Масуд бин Хасан аль-Касаний, Абу Бакр Мухаммад бин Ибрахим аль-Билкандий, Кадыхан аль-Узгендинин чоң атасы Махмуд бин Абдулазиз аль-Узгендилер. Өзгөчө Махмуд бин Абдулазиз аль-Узгенди Сарахсийдин алдыңкы талабалары болгондугу айтылат. Өз чыгармаларында башка мазхабдардын пикирлерин, курандын аяттарын, хадистерди колдонуу аркылуу коомдогу окуяларды талдап, укук боюнча философиялык ойлорун айткан. Ошондуктан Имам Сарахси ханафий укукчусу деп аталып, бул жагынан ислам дүйнөсүндө Имам Азам Абу Ханифа, Мухаммед Шейбаниден кийинки эң ардактуу орундардын биринде турат. Өзү чыгарууга катышкан китептеринин айрымдары дүйнөнүн ар кайсыл китепканаларында сакталып калган.

Имам Сарахси Имам Азам Абу Ханифа мазхабындагы алдыңкы аалымдардан болгон. Мазхаб кайсы аалымдын көз карашынын негизинде түптөлгөн болсо, ошол аалымдын аты менен аталып калган. Исламдагы мазхабдар – бул диний-укуктук мектептер. Исламдагы ченемдерди жана эрежелерди юридикалык жактан негиздөө зарылчылыгы диний укуктук мектептердин – мазхабдардын (мазхаб – жол) түзүлүүсүнө алып келген. Алардын бардыгы тең Аббасиддердин башкаруусунун алгачкы жүз жылдыгында пайда болушкан жана азыркы мезгилге чейин диний-укуктук маселелерди чечмелөөдө кеңири колдонулат. Исламдын жайылуу мезгилинен баштап эле диний жана турмуштагы маселелерде (жарандык, кылмыш жана жаза, укуктук, саясий ж.б.) талаш-тартыштар жаралып турган. Аны Исламдын принциптери менен чечүү зарылчылыгы Куранга, Сүннөткө жана Шариаттын мыйзамдарына негизделген бүтүндөй бир диний мыйзамдардын системасынын түзүлүшүнө алып келген. Мазхабдар бири-биринен диний жөрөлгөлөрдөгү, ырым-жырымдардагы жана күнүмдүк турмуштагы укуктук маселелерди чечүүдөгү принциптери боюнча айырмаланып турушат, бирок алардын бардыгы тең Куранга, Шариатка, хадистердин кодондук жыйнактарына негизделген. Алар ири диний аалымдар тарабынан негизделген жана ошол негиздөөчүлөрдүн атын алып жүрүшөт [3, 160-161-бб.].

Ислам шариятында Имам Азам Абу Ханифа, Малик ибн Анас, Абу Абдуллах Мухаммад ибн Идрис аш-Шафии, Ахмад ибн Ханбал деген негизги төрт мазхаб бар. Бул мазхабдардын ичинен эң биринчи түптөлүп кеңири аймакка жайылганы Имам Азам Абу Ханифаны ээрчигендердин Ханафий мазхабы. Бул мазхаб жөнүндө аалым эбегейсиз зор эмгектерди мурас калтырган. Ислам маданиятына зор эмгек сиңир-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ген улуу ислам аалымы, ислам укугу (фикх) менен ишеним негиздеринин (акыйданын) элге таралуусуна эмгеги сиңген жана Ханафий мазхабынын атактуу лидери Абу Ханифа Нуман бин Сабит бин Зута бин Марзубан, экинчи лакап аты болгон Абу Ханифанын Имам Сарахсиге таасири өтө чоң болгон. Көпчүлүккө Имам Аззам (эң улуу имам) деген ат менен таанымал Абу Ханифанын методикасынын нугу менен өсүп-өркүндөгөн ислам укугу (фикх) мектеби «Ханафий мазхабы» ал эми бул мазхабка киргендер «ханафилер» деп аталган [4, 3-4-бб.].

Миң жылга чейин ислам баарынан чоң географиялык аймакты кучагына алган дүйнөнүн алдыңкы цивилизацияларынын бири болгон. Исламды окумуштуулар Европанын интеллектуалдуу салтынын башталышынын пайдубалы болгон деп эсептешип, жети жүз жыл бою араб тили илимдин эл аралык тили болуп тургандыгын белгилешет [5, 2-3-бб.]. Араб тили кеңири таралып, тил адабияттын жана маданияттын тили болуп калгандыгын башка изилдөөчүлөр да белгилешет [6, 69-70-бб.]. Имам Сарахси да ал мезгилдин алдыңкы адамы болгондуктан араб тилин мыкты билген жана бул тилде өз чыгармаларын жазган. Укуктук түшүндүрмөлөрүн, ырларын, философиялык жана математикалык чыгармаларын кыркка жакындагандан кийинки өмүрүн Ферганада, анын ичинде Өзгөндө өткөргөн жылдарында жазган. «Аль-Мабсут» деген 30 томдук түшүндүрмөсүн 14 жылда жазып бүтүргөн. Факих аалым фикх илимин терең өздөштүргөндүктөн, анын «Ал Мабсут» китеби исламдагы ханафий мазхабынын юриспруденциясы (укук-фикх илими) жөнүндө жазылган дүйнөдөгү теңдешсиз салмактуу, баалуу эмгек болуп сакталып калган. Китеп Ханафи мазхабындагы эң негизги төрт китептин бири болуп кабыл алынган. Имам Сарахси чыгармаларындагы бардык пикирлеринде жана мазхабдар тууралуу ойлорунда эч бир тарапка ообой, объективдүү көз караш менен талдап, анализ жүргүзгөнү айтылат. Маселелерди кароодо философиялык ой жүгүртүп, ханафий мазхабдагы маселелерди чечкен алгачкы укук таануучулардын бири болуп саналат. Шарият маселелерин салыштырмалуу анализ жүргүзүү менен жазган аалым катары да таанылат. Мамлекет башкаруучуларынын жана акимдеринин жүргүзгөн иштерин мыйзамдаштырууда, кабыл алган чечимдерин чыгарууда башка аалымдарга окшобостон туура эмес болсо аларга ачык айткан жана эмнеге туура эместигин далилдеп берген. Ошондуктан да аалым «шарияттa өкүмү белгиленбеген маселелерге ханафий-мазхабында белгиленген усул-эрежелердин негизинде өзү өкүм чыгарганга кудурети жеткен аалым» деп эсептелген.

Ушул жерден ислам укугун башка көптөгөн укуктук системалардан айырмалоочу фактору – бул анын ибадат, догма жана адеп-ахлакка тиешелүү жоболорду, ошондой эле турмуштун башка тармактарын жөнгө салуучу эрежелерди камтыгандыгында жаткандыгын белгилей кетүү керек. Мисалы, нике жана үй-бүлө жана кылмыш-жаза мыйзамдары, финансылык мыйзамдар, мамлекеттик башкаруу, ошондой эле тынчтык жана согуш мезгилиндеги эл аралык мамилелер [7, 1-15-бб.].

Аалымдын мындан башка «Шарху зиядату зиядат», «Шарху сиярил кабир», «Шарху жамил сагир», «Шарху мухтасарит-тахави» аттуу араб тилиндеги чыгармаларын да зынданда оозеки түрдө айтып жаздыргандыгы айтылат. Илимий эмгектеринин жазылышы азыркы күндө да таң калтырат. Анын чыгармаларынан абдан эле ар тараптуу илим-билимге ээ болгондугун көрүүгө болот. Чыгармаларынын көпчүлүгү араб тилинде жазылып, андан сырткары фарс тилинде да жазгандары бар. Аалымдын эмгектеринин стилистикасы, лексикасы, терминологиясы, грамматикасындагы тууралыктар араб тилин таануучу лингвисттерди таңдантырып келүүдө. Энциклопедист аалым катары математика, география, логика, философия жана башка илимдин тармактарында да уникалдуу илимий ой жүгүртүүлөрүн айткан. Эмгектер өзгөчө Аль-Мабсут көлөмдүү эмгеги эч бир башка адабияттарды колдонуусуз жана калемсиз жазылгандыгы бүгүн абдан эле белгилүү болуп калды.

Сарахсийдин зынданга камалышы боюнча бир топ себептер бар. Биринде элге коюлган салыкка Сарахсийдин «аль-Мабсут» аттуу эмгегинде: «Учурда мамлекет кызматкерлери туура эмес салыктарды чыгарышууда. Эгерде, кимде-ким ушул акыйкатсыздыкка каршы чыга турган күчү болсо, ал үчүн туура аракет болуп эсептелет. Ал эми, зулумдукка каршы чыга турган күчү болбогондор болсо, кааласа салыкты төлөй беришет» деп, айтканы негиз болгон делинет. Анын ушул сөзү менен «элди көтөрүлүшкө үндөдү» деген айып коюлуп, Бухарада кармалып, Өзгөнгө алып барылып зынданга камалгандыгы белгилүү. Мындан сырткары да аалымдын зынданга камалуусу боюнча бир топ себептер белгиленет. Бирок ал версияларга караганда азыркы камалуу себеби туура деп табылат X.Hamidullahтын эмгегинде. Имам Сарахсий өзү да зынданга акыйкаттыкты айткандыгы үчүн туткундар сыңары камалгандыгын жана Аллахтан жардам сурап дуба кылгандыгын «аль-Мабсут» аттуу эмгегинин X томунун хиба (багыш кылуу) бөлүмүнүн соңунда сөз кылат. Эгерде тарых барактарына карай турган болсок, мына ошол Сарахсий жашаган учурларда бийлик менен аалымдар ортосунда пикир келишпестик байма-бай болуп турганын көрүүгө болот. Керек болсо аалымдар бийликке сын айтканы үчүн дарга асылган учурлар да кездешет. Мындагы пикир келишпестиктин эки негизги себеби болгон. Биринчиси - салыктардын түрүнүн жана өлчөмүнүн көбөйүшү. Экинчиси - бийликтин исламдын сунний

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



багытынан четтеши. Эми, Сарахсийдин камалышына келе турган болсок, жогоруда да айтылгандай, өзүнүн үстүртөн гана айтканы бар. Мындан башка да анын камалышына негиз болгон окуянын кандайча болгону тууралуу булактарда ар түрдүү версиялар айтылганы менен так, ынанымдуу маалыматты кездештирүү кыйын. Бирок камакка алынышынын негизги себеби катары ошол учурдагы саясий абалды атаса болот. Шархуз Зиядатуз Зиядат аттуу китебинде «Кыямат күнү мага кирешелүү болсун жана мен да пайда тапкан адамдардан болоюн деп, түз жолго кеткендердин жолун карманып, насыят айткандардын арасында мен да ак сөз сүйлөп, зынданга салындым. Дүйнөдө кыйынчылык азаптардан кутулуудан үмүтсүз абалдамын» деп жазган.

Анын сөөгү Өзгөн шаарында коюлуп, күмбөзү тургузулган. Жергиликтүү тургундар ал күмбөз турган жерди бүгүнкү күнгө чейин Имам ата мазары /Мазар-Ата/ Мазар Ажали-Сарахси деп атап, ыйык тутуп келишкен. Азыркы учурда күмбөздүн жанында Түркиянын Диянет фонду тарабынан Кыргызстанда мурда кездешпеген эл аралык мааниге ээ байыркы Караханиддер архитектурасына уйкаш көркөм архитектуралык ансамбль – Имам Сарахсинин зыяратканасы курулган. Учурда зыяратканага катар улай мечит, медресе, китепкана курулушу башталды. Бишкек шаарындагы борбордук чоң мечит да илимпоз, диний аалым Имам Сарахсинин ысымында.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында бул багыттагы иштер оң жолго коюлуп бараткан. Массалык маалымат каражаттары аркылуу аалым Имам Сарахси, жалпы эле дин маселелери тууралуу бир топ чыгарылыштар даярдалып сын алгы жана үн алгылардан чагылдырылууда. Дин аалымдары тууралуу атайын илимий багыттагы китептер басмадан чыгарылууда. Тактаганда З.Ажимаматовдун эмгегинде Абу Ханифанын окуусунун жайылышы тууралуу берилсе, кыргыздардын мусулмандашуусунун тарыхы жөнүндө А. Жусубалиевтердин эмгектеринде чагылдырылган [8]. Түркия мамлекети менен да өз ара кызматташуулар активдүү жүрүүдө. Түркия дин башкармалыгы аалымдын мурастарына өзгөчө мамиле жасоодо. Атаганда Түркия мамлекетинин муфтийи Мехмет Гөрмездин колдоосу менен Өзгөндөгү Имам Сарахсинин күмбөзү жаңыланды. Имам Сарахсинин китептерин которгон 83 жаштагы профессор Мустафа Жеват Акшит, Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин башкы катчысы Амреев Багдад Култаевичтер өткөн жылдын сентябрь айында өткөн «Өзгөн-Мунара-2021» этно-фольклордук фестивалына катышып аалымдын өмүр таржымалы, эмгектеринин баалуулугу тууралуу абдан кызыктуу маалыматтарды берип кетишти. Профессор Мустафа Жеват Акшит Кыргызстандын президенти Садыр Жапаровго Имам Ас-Сарахсинин түрк тилине которулган 31 томдук «Аль-Мабсут» эмгегин белекке берди. Имам Сарахсиге болгон мындай сыйлуу мамиле демек, түрк элдеринин аалымга болгон өтө зор урматы деп түшүнүүгө болот.

IX-XI кылымдардан ислам цивилизациясы түрк дүйнөсү менен араб дүйнөсүнүн көп кырдуу маданиятын жуурулуштуруп жалпы адамзатка орток баалуулуктарды жаратты. Ислам маданиятынын өнүгүшү илим менен билимди, динди айкалыштыруу аркылуу коштолуп бара берген. Бул баалуулуктарды жаратууда бир топ аалымдар Куранды негиз кылуу менен диний укук жана башка көлөмдүү зор эмгектерин сиңиришкен.

Кыргызстандын анын ичинде Өзгөндүн тарыхында Карахандар кагандыгы ханафиликти мамлекеттин расмий мазхабы катары кабыл алышып, диний кызматтарга ханафий аалымдарын дайындашкан. Мусулмандар дээрлик фикхта (ислам укугу) ханафий, акыйдада (ислам ишенимдери) матуридий мазхабын карманып келишкен жана карманып келишүүдө. Ханафий аалымдары Самарканд, Бухарадагы ханафий медреселеринде билим алышып, Фергана аймагына анын ичинде Өзгөн аймагында ханафиликтин жайылуусуна салым кошушкан. Ага байланыштуу башка харижит, шиит сыяктуу башка диний-саясий агымдар өтө эле таасирдүү боло алган эмес. Өзгөчө Имам Сарахсий Ханафий факихтеринин эң алдыңкыларынан болгон. Чыгармаларынын өлчөмү жагынан эң улуу мусулман аалымы болуп эсептелип, «Шамсул Аимма» «Имамдардын күнү» деген ат менен таанылгандыгы бүткүл мусулман дүйнөсүнө белгилүү болду.

Исламдагы ханафий мазхабынын юриспруденциясы (укук-фикх илими) жөнүндөгү көлөмдүү 30 томдук «Ал Мабсут» китептин автору, аалым Имам Сарахсинин исламга тиешелүү болгон жоболорду, ошондой эле турмуштун башка тармактарын жөнгө салуучу эрежелерди камтуу менен маселелерди так чечкен. Замандаштарынын арасында өзүнүн билимдүүлүгү, сабырдуулугу, калыстыгы жана маселени ислам укуктарын негиз кылып бардык тараптарга ынанымдуу чече алгандыгы менен айырмаланып турган.

Ислам дүйнөсүнө таанымал диний аалым Имам Сарахси орто кылымдардагы Өзгөн аймагынын тарыхын изилдөөдө, дин маданиятынын өнүгүшүн иликтөөдө тарыхый булактардын бирин түзө алат. Ханафий аалымдарынын окуулары миң жылдан ашык убакыттан бери аймакта кеңири жайылып, илимий жаатта көптөгөн ийгиликтерди жаратып, элдин маданияты, каада-салты менен жуурулушуп жашап келди. Ага ылайык дин аалымдарынын тарыхтагы орду, алардын өз заманындагы башкарууга кошкон салымдары, Курандын аяттарынын негизинде чыгарган укуктук эмгектери жана башка эмгектер изилдөө иштеринде кеңири материал боло алат деген ишеним бар. Кыргызстан калкы да учурда Ханафий мазхабын карма-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нып келишет. Бул мазхабдын маанисин дагы да тереңдетип түшүндүрүү иштери жалпы эле диний окуу мекемелеринде, мечит, медреселерде колго алынышы максатка ылайык. Ага байланыштуу учурда заманбап, билимдүү дин адистерин даярдап өстүрүп чыгаруу, атайын жана жалпы калк үчүн жетиштүү түрдө илимий жана көркөм адабияттарды даярдоону күчөтүү дале болсо зарылдыгы бар.

Ошондой эле ислам окуу жайларындагы берилип жаткан билимдерди бүгүнкү күндө зарыл болуп жаткан билимдер менен толуктоо же айкалыштырып окутуу системасын калыптандыруу керек.

**Адабияттар:**

1. Алиев А., Ажимаматов З. Великий правовед эпохи караханидов (жизнь в творчество ал-Серахси). / ОшМУ. Теология факультетинин илимий журналы. - Ош, 2007. - №12. - 34-35-бб.
2. Жусубалиев А. Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы. - Б., 2016. 311-б.
3. Курбанова Н.У., Карасартова Ч.Ж., Бектемирова А.К., Жумабаев М.Э. Дин таануу. - Б., 2020. - 217-б.
4. Эратов Р., Маматов К. Имам Сарахси. - Б., 2013. - 21-б.
5. Ахмед Этта, Отман Али. Ислам цивилизациясындагы изилдөөлөр. Кайра жаралуу доoруна мусулмандардын кошкон салымы. - Б., 2020. - 51-б.
6. Жумагулов М.Ж., Садыкова Г.Э. Маданият таануу. - Б., 2017. - 239-б.
7. Ахмед ад-Давуди. Исламское право и международное гуманитарное право: введение в основные принципы. Путь красноречия. - М., 2018. - С. 281.
8. Ажимаматов З. Абу Ханифа жана анын окуусунун Фергана өрөөнүндө калыптануусу (X-XIVкк.). - Б., 2015.